## 2020-2021-окуу жылында методикалык иштердин анализи

Ар бир окуу жылынын аягында бир жыл ичинде аткарылган иштерге анализ жүргүзүп, жетишпеген жактарды аныктап, жаңы окуу жылына пландар түзүлөт. 2020-2021-окуу жылында да былтыркы жылы келип чыккан көйгөйлөр аныкталып, алардын үстүндө иштер жүргүзүлдү.

Азыркы учурда коюлган талаптарды ишке ашырууда билим берүү мекемелеринде методикалык иштер да жаңылануу шарт. Учурдун талабына жараша кесиптик деңгээли, новатордук иш-жөндөмдүүлүгү жогору, окуучу менен иштей алган, өз билимин жогорулатуунун үстүндө иштеген мугалимдер мектептерге талап кылынууда.

Быйылкы окуу жылы дүйнөнү каптаган оор илдеттин айынан онлай окутуу менен башталды. Тактап айтканда сентябрь, октябрь айларында 1-класстар гана каддимкидей мектепке келип окушкан. 3-чейректин 2-жумасынан тарта 1,5,9,11-класстар 2 топко бөлүнүп, 2 кезметте офлайн окуп жатышты. Март айынан баштап 2-3-4-класстар офлайн форматтка өтүп, калган класстар (6,7,8,10-класстар) окуу жылынын аягына чейин онлайн билим алышты. Пандемия көп мугалимдерди изденүүгө, аракет кылууга, жалкоолуктан арылтууга жардам берди. Көпчүлүк улуу муундагы мугалимдер жаңы платформаларды өздөштүрүп, алар менен сабак өтүп жатышты. Мектептин педагогикалык жамаатына техниканы мыкты өздөштүргөн жаш мугалимдер офлайн окууларды уюштуруп, алар менен жекече иштерди жүргүзүп жатышты. Буга чейин улуу муундагы тажрыйбалуу мугалимдер жаш мугалимдерге насаатчылык кылып иш жолунда жардам беришсе, мында улуу муундагы эжелерге тескерисинче жаш мугалимдер насаатчылык кылып, кырдаалдан чыгууга жардам берип жатышты.

**Мектептеги усулдук иштердин негизги максаты:**

- Мугалимдердин методикалык кометентүүлүгүн көтөрүү,
- Окуучулардын окуп, үйрөнгөндөрүн натыйжалуулугун арттыруу;
- Окутууда инновациялык өнүгүүлөрдү камсыз кылуу;
- Окутуунун формасын, мазмунун, прициптерин аныктоо жана өнүктүрүү болуп саналат.

**2020-2021-окуу жылында методикалык иштин максаты болуп төмөнкүлөр эсептелди.**


- Педагогикалык коллективдин кесиптик чеберчилигин ар тараптуу жогорулатуу;

Сканировано с CamScanner

- Жаңы стандартка ылайык окуучулардын билим алуусун көзөмөлдөп, анализ чыгаруу;
- Оптималдуу деңгээлде билим берүү жана тарбиялоо процессин жакшыртуу;
- Райондук жана шаардык деңгээлде өткөрүлгөн кароо-сынактарга окуучуларды жана мугалимдерди катыштыруу жана жыйынтык берүү.

2020-2021-окуу жылында педагогикалык коллектив бирдиктүү "Сапаттуу билим берүүдө ар кандай деңгээлдеги окуучуларга диференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу" деген теманын үстүндү иш алып барууну улантууда. Бул окуу жылында жыйынтыктоочу этабында тактап айтканда, мугалимдердин, усулдук бирикмелердин деңгээлдештирип иштөө боюнча ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын чыгаруу, компетенттүү окуучулардын окуу процессиндеги активдүүлүгүн көрсөтүүнүн үстүндө иш жүргүзүлдү. Теманын негизинде ар бир мугалим тема тандап, ага карата план түзүп, бир жыл бою иш алып барып келишти.

**Методикалык иштин түзүлүшү**




**2020-2021-окуу жылындагы негизги методикалык иштин калыптанышынын багыты жана мазмуну**

- Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
- Нормативдик укуктук документтер, билим берүүнүн максаты жана милдеттери, методикалык иштин системасы;
- Мектепти өнүктүрүү программасы;
- Мамлекеттик стандарттар, окуу планы жана программасы;
- Жаңы педагогикалык изилдөөлөр, инновациялык жаралуулар;
- Методикалык иш тажрыйбаларды маалымат булактарына жайылтуу.

Сканировано с CamScanner

**2020-2021-окуу жылындагы методикалык иштин негизги формасы**

- Педагогикалык кызматкерлердин сандык-сапаттык курамы
- Жаш мугалимдер мектеби
- Өз билимин өркүндөтүү
- Мектептин педагогикалык чеберчилиги
- Методикалык кеңешме
- Усулдук жумалык
- Көргөзмөлөр;
- Тегерек столдор;
- Ачык сабактар;
- Илимий-практикалык конференциялар;
- Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө
- Мониторинг
- Алдыңкы иш тажрыйбаны жайылтуу

**Пед кызматкерлердин сандык-сапаттык курамы**

2020-2021-окуу жылында 88 педагогикалык кызматкер эмгектенди.




Бул ичинен жогорку категориядагы-14, I категорияда-13, II категорияда 15, категориясы жок-46 мугалим. Жогорку билимдүү – 74, атайын орто -13, орто билимдүү -1.

**Жаш мугалимдер мектеби**

Мектепте педагогикалык коллектив жылда жаңы мугалимдер менен толукталып турат. Быйылкы окуу жылында 11 мугалим келди. Анын ичинен көпчүлүгү жаш мугалимдер. Тактап айтканда 8 мугалим окуу жайды бүтүп келип, быйылкы окуу жылында эмгек жолун ушул мектептен баштады. Мектепте жалпы стажы 3 жылга чейинки 20 жаш мугалим эмгектенди.

| **Биринчи жыл иштегендер** | **Экинчи жыл иштегендер** | **Үчүнчү жыл иштегендер** |
|---|---|---|
| 8 | 9 | 3 |

Сканировано с CamScanner

Окуу жылынын башында жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилген. Алар жаш мугалимдер менен иштөөнүн жылдык планын түзүшүп, түзүлгөн пландын негизинде бир жыл бою иш алып барышты. Жаш мугалимдердин жазган план конспектилери текшерилип, методист , башталгыч класстар боюнча директордун орун басары, башталгыч класстардын УБ жетекчиси тарабынан бир ай бою (сентябрь айында) жардам берилип турду. Биринчи жарым жылдыкта жаш мугалимдер менен сабактын тиби, формасы, үй тапшырманын көлөмү, сабактын структурасы, окутуунун технологиялары, сабактын анализи, өзүнө-өзү анализ берүү, нормативдик-укуктук документтер менен иш алып баруу боюнча окуулар өтүлүп турду. Нормативдик-укуктук документтин бири болгон журнал менен иштөөдө одоно каталарды кетиришкен. Ошондой эле насаатчы мугалимдер жыл аягында түзүлгөн пландын негизинде отчёт жазышып, жыйынтык чыгарышты. Эмгек стажы 3 жыл толуп, 4 жылга кеткендиктен жаш мугалдимдер математика мугалими Адамата кызы Динара,Физика мугалимдери Ишенова Сангүл, Сабырова Бурма бир топ тажрыйба топтошуп, насаатчы мугалимдин жардамына муктаж болбой, өз иштерин мыкты алып кетип, жаш мугалимдин катарынан чыгарылды. Калган 17 мугалим насаатчы мугалимдер менен иш алып барууну улантышууда.

## Өз билимин өркүндөтүү

Методикалык иштин бирден-бир багыты болуп мугалимдердин квалификациясын эффективдүү жогорулатуу болуп саналат. 2020-2021-окуу жылында мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министирлигинин алдындагы педагогикалык кызматкерлерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунан 18 мугалим (Курманбекова К.Ж, Жансап к. С, Исмаилова Н.А, Окенова Ч.М, Сагынбаева Г.М, Ниязова М.Т, Жолдошбек к. Г, Мусабекова Б.Б, Кырмыкеева А.Э, Сыдыков К.Б. Сатыбалдиева А.К , Наркозиева А.Т, Жакыпбекова М.Ж, Сагынбаева Г.М, Сагынбекова А.Ж,Маманазарова С.Б, Абдрахманова Г.К, Асаркулова Г.Б.) 5-6-класстарында чыккан жаңы англис тили окуу китептери менен таанышуу жана мугалимдер арасында тажрыйба алмашуу иретинде “Лингва” окуу борборунан 2 мугалим (Кубанычбек к. К. Караталова А.) 5 мугалим Борбордук Азия Университетинен ( Окенова Ч, Исраилова Н, Жумабекова Ж, Караталова А, Жолдошбек к Г) 1 мугалим GLOBE дүйнөлүк билим берүү жана илим программасынын негизинде (Акимбай кызы Н.) 5 мугалим (Наркозиева А.Т, Асаркулова Г. Б, Укеева Н.С, Сатыбалдиева Ч.М, Төлөнбаева Ч.Д. ) ЮНИСЕФ тарабынан уюштурулган “Кыздар илимде”

Сканировано с CamScanner

долбоорунун негизинде жалпы 30 мугалим өз билимин өркүндөтүп, курстан өтүп келишти. Бул мугалимдер окуп келгендерин башка мугалимдерге жайылтуу максатында жумалыктарда ачык сабактарды өтүштү.

## Мектептин педагогикалык чеберчилиги

Райондук жана шаардык деңгээлде жыл сайын мугалимдер арасында кароо-сынактар өткөрүлүп турат. Ошондой кароо-сынактын бири "Жүрөгүмдү балдарга арнаймын". Быйылкы окуу жылында физика мугалими Айнура Ыманкуловна катышмак. Декреттик өргүүгө чыккандыгына байланыштуу катыша албай калды.

Англис тили мугалимдери Жумабекова Жазира, Жолдошбек кызы Гүлзат Борбордук Азия Университетинин билим берүүнү өркүндөтүү программасы тарабынан 3 мамлекет арасында (Кыргызстан, Тажикстан, Казахстан) уюштурулган блоктук план жазуу боюнча 1-орунга ээ болушту.

## Көргөзмөлөр

Окуучулардын чыгармачылыгын арттыруу иретинде даталуу күндөрү көргөзмөлөр уюштурулуп турду.

Сентябрь айында башталгыч класстарда жолдо жүрүү эрежеси боюнча бир айлык жарыяланган. Анда "Сенин сактыгың, менин коопсуздугум" деген темада сүрөт көргөзмөсү болду. Мында 1-класстарга оффлайн, ал эми 2,3,4-класстын окуучуларына онлайн форматта жолдо жүрүү эрежелери боюнча иш чаралар уюштурулуп, сүрөт тартышкан.

23-сентябь – Мамлекеттик тил мыйзамынын макамына ээ болушуна 31 жыл толгондугуна байланыштуу айлык жарыяланды. Ага карата "Тил – улуттун ачкычы" деген аталышта көргөзмө илинди. Анда 1-5-класстардын окуучулары тарабынан тартылган сүрөттөр, 6-11-класстын окуучулары тарабынан даярдалган дубал газеталар, мектептин жаш таланттары эне тилибизге арнап чыгарган ырлары илинди.

12-декабрь-Адабият күнүнө карата "Адабияттын алптары" деген аталышта улуу жазуучу Ч. Айтматов жана поэзиянын Чолпон жылдызы Алыкул Осмоновдун өмүрү, чыгармачылыгына байланыштуу көргөзмө уюштурулду.

Январь-февраль айларында туңгуч лексикограф К. Карасаевдин 120 жылдыгына карата бир айлык иш план түзүлүп, анын негизинде "Кыргыз мудариси – К.Карасаев" деген темада көргөзмө илинди. Аталган бурчта

Сканировано с CamScanner

белгилүү окумуштуунун эмгектери, басып өткөн өмүр жолу, үй бүлөсү тууралуу сүрөттөр илинген.

Илим жана техника жумалыгына карата табигый материалдарды колдонуу, окуучулардын ойлоп-табуучулук жана изденүүчүлүк көндүмдөрүн калыптандыруу максатында физика мугалими Ишенова С.Ы. колдонуудан чыгып калган нерселерге экинчи жашоо берип, "Көңүлдүү устакана" деген аталыштагы көргөзмө уюштурган.

Май айында К.Тыныстановдун 120 жылдыгына карата "Кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү – Касым Тыныстанов" деген темада көргөзмө уюштурулду. Анда окумуштуунун эмгектери, чыгармалары жөнүндө маалыматтар илинди. Окуучулар тарабынан арналып даярдалган эмгектер (ырлар, сүрөттөр, рефераттар) коюлду.

Улуу Жеңиштин 71 жылдыгына карата башталгыч класстар "Биз сиздерди эч качан унутпайбыз!" деген аталышта көргөзмө уюштурулду. Анда 1-4-класстын окуучулардын көз карашында тартылган сүрөттөр, ыраазычылык каттар илинди.

## Тегерек столдор

Окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында тегерек столдор да уюштурулуп турат.

Октябрь айында кыргыз тилинин 31 жылдыгына карата Сагынбаева Гүлзат "Эне тил кадыры - эл кадыры" деген аталышта 10-класстар менен онлайн тегерек стол өткөрдү. Мында кыргыз тилибизди даңазалаган ырлар, улуу адамдардын учкул сөздөрү жана тилибиздин бүгүнкү жана эртеңки абалы жөнүндө көз караштар айтылып, талкууланды.

"Илим жана техника" жумалыгына карата 7-11-класстар менен "Техника дүйнөсү балдардын көзү менен" деген аталышта онлайн тегерек стол өткөрүлдү. Мында окуучулар жаңы технологиялардын бүгүнкү күндөгү орду адамдын жашоосуна алып келген пайдасы, ошондой эле терс жактары боюнча ойлорун ортого салышып, талкуулашты.

"К.Карасаевдин өрнөктүү өмүр жолу" деген темада илимий конференция өткөрүлдү. Ага 9, 11-класстын окуучулары катышты. Агартуучунун чыгармачылыгы, өмүр жолу жана бүгүнкү күндөгү орду жөнүндө талкууланып, жакшы маалыматтар айтылды.

Сканировано с CamScanner

Кыргыз тили жана адабияты мугалими Сүйналиева М.М. "Акындардын агасы –Тоголок Молдо" деген аталышта Тоголок Молдонун өмүр жолу, эмгектери боюнча 11-класстар менен биргеликте тегерек стол өткөрдү. Анда акындын эл билбеген өнөрлөрү, эмгектери жөнүндө айтылды.

**Ачык сабактар**

2020-2021-окуу жылында мектепте 8 усулдук бирикме иштеди. Бирикме жетекчилери окуу жылынын башында план түзүшүп, бир жыл бою түзүлгөн пландын үстүндө иш алып барышты.

Мектептин бирикмелери: (ишмердүүлүктүн багыттары)

1. Кыргыз тили жана адабияты сабагында ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу
2. Используя дифференцированный подход, развивать учащихся устную и писменную речь, развивать логическое мышление, творческие способности учащихся. Научить умению использовать полученные знания на практике.
3. Англис тилин окутуунун активдүү методдорун колдонуп, окуучулардын оозеки, жазуу жана ой жүгүртүүсүн өстүрүү менен бирге сапаттуу билим алууга багыт берүү.
4. Так илимдерди окутууда ар кандай деңгээлдеги окуучуларга жаңы технологияларды чыгармачылык менен колдонуу аркылуу дифференцирленген мамиле кылуу.
5. Окуучуларга сапатуу билим берүү, алардын логикалык ой жүгүртүүсүн, акыл-эсин өстүрүп, өз алдынча иштөөгө машыктыруу жана окуучулардын чыгармачылык менен изденүүсүн билим алууда, турмушта колдонуусуна багыт берүү
6. Окуучуларды окутуп-тарбиялоодо аларды ар тараптан өстүрүү, чыгармачылык менен изденүү, билим алууда жана турмушта колдоно билүүгө багыт берүү.

Окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен алардын кат сабатын жоюу, окуу жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу. Ошону менен бирге сабакка болгон кызыгууларын арттыруу, активдүүлүгүн, компетентүүлүгүн, логикалык ой жүгүртүүлөрүн өстүрүп, өз алдынча иштөөгө машыктыруу. Ошондой эле ай сайын усулдук бирикмелердин декадалары өткөрүлүп. Быйылкы окуу жылындагы өлкөдөгү кырдаалга байланыштуу жумалдык өткөрүлдү. Жумалык өткөрүүнүн негизги максаты предметтик мугалимдердин иш билгилерин, окуучу канчалык деңгээлде предметке

Сканировано с CamScanner

кызыгарын аныктоо. Жумалыкта айрым мугалимдер онлайн, айрымдары офлайн форматта өтүштү.

| № | УБнын аталышы | Жетекчиси | Муг. саны | Жумалыктын өт. мөөнөтү | Өт. сабакт. саны | Декаданын жабылышы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Орус тил, адаб УБ | Сатыбалдиева А. К. | 13 | 01- 05. 02. 21 | 13 | “Зима недаром злится...” |
| 2 | Чет тил УБ | Жолдошбек к. Г. | 10 | 08- 13. 02. 21 | 10 | “Англис тили – эл аралык баарлашуунун тили” |
| 3 | Кыргыз тил, адаб УБ | Курманбекова А.Ж. | 8 | 15-19.02.21 | 7 | “Тил элдин башкы маданияты” |
| 4 | Табигый илимдер УБ | Наркозиева А.Т. | 9 | 15-19.03.21 | 9 | “Билим жашоо чырагы” |
| 5 | Так илимдер УБ | Апсалиева Б.Т | 11 | 26-30.04.21 | 10 | “Жеңилбес жетөө” |
| 6 | Башт. кл. “Балалык” | Сариева Ж.Т. | 20 | 03-14.05.21 | 18 | “Билим башаты башталгыч класс” |

Жогорудагы жумалыктардын жүрүшүндө мугалимдердин чыгармачылыгын, жекече изденүүлөрүн көрө алдык жана сабак өтүүдө кыйналган айрым мугалимдердин муктаждыктары аныкталып, аларга тиешелүү методикалык жардамдар да көрсөтүлдү. Жумалыктын жабылышында ар бир усулдук бирикме карoo-сынактарды уюштурушуп, ага окуучулар катышып, мектептин Facebook, Instagram баракчаларына жарыяланып, эң көп жактырууну алганда жеңүүчү аталып, грамота менен сыйланышты. Мунун өзгөчөлүгү азыркы кырдаалга байланыштуу онлайн окуп жаткан окуучулар да активдүү катышып, мектепте өткөрүлүп жаткан иш чаралар боюнча маалымат алып турушкандыгында. Бардык жумалыктын жүрүшү “канааттандыраарлык” деп табылды.

## Илимий-практикалык конференциялар, мектептен тышкаркы иш чаралар

Жаңы түптөлүп келе жаткан билим берүү мекемеси болгондуктан шаардык илимий –практикалык конференцияларга катышуу оорчулукту жаратып келген. Айрым окуучулар өз алдынча предметтик мугалимдердин жетекчилиги менен эл аралык конференцияларга катышып келишкен. 2018-2019- окуу жылында окуучулардын проект боюнча иштөөлөрү колго алынып, Кыргыз Билим берүү академиясынын окутуучусу Элебесова А. проект боюнча иштөөгө кызыгуусу бар окуучуларга жана предметтик

Сканировано с CamScanner

мугалимдерге семинар өткөрүп келди. 2019-2020- окуу жылында Бишкек шаарынын алдындагы билим берүү башкармалыгы жана Республикалык жаш инженердик-техникалык "Алтын түйүн" академиясы менен биргеликте уюштурулган шаардык изилдөө долбооруна 7 окуучу катышса, быйылкы окуу жылында 2 окуучу катышты. Бул долбоордун негизги максаты билим сапатын көтөрүү жана окуучулардын долбоордук, изилдөөчүлүк, илимий-техникалык ойлоп табуучулук жөндөмүн өнүктүрүү, андан тышкары өлкөдөгү социалдык, экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө багыт берүү.

1. 8-а классынын окуучусу Адылбеков Умар "Картошка кытырагы менен чипсинин адамдын ден соолугуна тийгизген терс таасири " жетектеген биология мугалими Сыдыкова Ж.З.
2. 9-д классынын окуучусу Талант уулу Нур "Талкаланып тонолуп жаткан үлкөн кыргыз тарыхы же изи өчүп бара жаткан ата-бабам баскан жол " жетектеген тарых мугалими Жумабекова Ж.С. Тилекке каршы эки окуучу тең орунга ээ болгон жок.

Мамлекетти тилдин 31 жылдыгына карата 6-11-класстын окуучулары "Китеп – билим булагы" аттуу шаардык карoo-сынакка катышты. Жыйынтыгында 6-класстын окуучусу Ибраимова Канышай 1-орун, 7-класстын окуучусу Жээнбеков Абзал 2-орун, 10-классынын окуучусу Омурбекова Сезим 1-орундарга ээ болушуп, баалуу белектер менен сыйланышса, жетектеген мугалимдер Турунтаева К.А, Сагынбаева Г.М, Кабылова Д.Т. Ысык-Көлгө 3 күндүк жолдомо алышып, эс алып келишти.

Февраль айында эне тилдин Эл аралык күнүнө карата арналган Бишкек шаарынын райондор арасында өткөрүлгөн "Манас айтуу" карoo-сынакка мектептин 7-б классынын окуучусу Жээнбеков Абзал катышып, 1-орунга ээ болуп, диплом жана акчалай сыйлык менен сыйланды.

Кыргыз Мамлекеттик юридикалык академия тарабынан Кыргызстан тарыхы боюнча 9-класстар арасында олимпиада өткөрүлгөн. Ага мектеп окуучулары катышып, Казипова Жылдыз, 2-орун, Рахманбердиева Мадина, Талант уулу Нур 3-орун, ал эми Турдиева Чолпонай, Омурбекова Сезим кызыктыруучу сыйлыкка ээ болушту. Даярдаган мугалим Казакова Н.О.

Кыргыз Экономикалык Университети Экономика жумалыгына карата мектеп окуучулар арасында таймаш өткөрүлгөн. Ага 9-10-класстардын окуучуларынан "Прогресс" деген командасы түзүлүп,

Сканировано с CamScanner

катышышып 1-орунга ээ болушту. Жетектеген мугалим Маманазарова С.Б.

Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата 9-класстар арасында райондук "Сабаттуу бол" аттуу жат жазуу жазуу боюнча сынак болуп өттү. Анда 9-д классынын окуучусу Казипова Жылдыз катышып, бардык эрежелерге таянып туура жазгандыгы үчүн 1-орунга ээ болду.

Педагогикалык тажрыйбаны өнүктүрүү жана жайылтуунун эффективдүү формасы болуп, мугалимдер арасында өткөрүлгөн илимий-практикалык конференциялар, көргөзмөлөр, тегерек столдор, масстер-класстар жана ошондой эле семинарлар эсептелинет.

Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу окуу онлайн форматта башталды. Анда Бишкек шаарындагы мектептерден мугалимдер тандалып алынып, алар видео сабактарды даярдап, тартылышкан.Биздин мектептен да тарых мугалими Казакова Н.О. тартылды. Бул биздин мектеп үчү эң чоң жетишкендиктердин бири.

Окуу жылында райондук жана шаардык семинарлар өтүлгөн жок. Мектеп ичинде мугалимдер арасында методикалык күндөр өтүлүп жатты.

Санариптештирүү жылына карата мектепке эктрондук күндөлүк киргизилген. Мектептин информатика мугалими Саданалиева М.С. мугалимдер үчүн күндөлүктү колдонуу боюнча семинар өттү.

Жаш мугалим Ишенова Сангүл "Электрондук платформаларды сабактарда пайдалануу" деген темада секцияларга практикалык семинар өткөрдү.

Электрондук платформаларды сабакта колдонуунун натыйжаларын арттыруу максатында "Санарип мугалим" аттуу бирдиктүү метод күн өткөрүлдү. Анда ар бир секциядагы техниканы мыкты өздөштүргөн мугалимдер өздөрүнүн тажрыйбаларын жайылтуу максатында ачык сабактарды өтүштү. Катышкан мугалимдер тарабынан бардык сабактар "эң жакшы" деп бааланды.

Короновирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу окуу толук түрдө офлайн башталган жок. 6-7-8-10-класстар окуу жылын толук түрдө аралыктан окуу менен аякташты. Анда телеберүүдөн календардык пландын негизинде видео сабактар тартылып, предметтик мугалимдер өтүлгөн сабактын негизинде ватсап, зуум, классрум ж.б платформалар аркылуу, презентацияларды даярдашып көрсөтмөлүү сабак өтүү менен кайтарым байланыштарды жүргүзүшүп, теманы толук өздөштүрүүгө аракет кылышты.

Сканировано с CamScanner

Көптөгөн кыйынчылыктар жаралуу менен аралыктан окутуу талаптагыдай жүргүзүлдү.

## Маалыматтык –методикалык шарттардын анализи

Мектептин китепкана фондунда 26 578 даана китеп болсо анын 26 000 окуу китептери, 578 көркөм адабий китептер. Мектепте мугалимдердин чыгармачылыктарын өркүндөтүү жана окуучуларга сапаттуу билим берүү боюнча тийиштүү шарттар каралган. Окуучулар окуу китептери менен 92% камсыз болушкан. Педагогикалык кызматкерлер үчүн методикалык окуу китептери жыл сайын толукталып турат жана сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында электрондук ресурстар колдонулат. Анда мугалимдер сабактын айрым фрагменттерин электрондук формада даярдашып мультимедиялык аппараттарды (интерактивдүү доска)пайдаланышат. 2017-2019-жылдар аралыгында Shkola.kg баракчасында электрондук журнал системасы ишке киргизилип, окуучулардын мектепке келип кетүүлөрүн эсепке алуу менен катар билим сапаттын ачыктыгы камсыздалгган. 2020-2021-окуу жылдары Edugate фирмасынын kundoluk.edu.kg электрондук күндөлүк платформасы аркылуу окуучулардын билимдерин баалоо менен катар сабактын негизги өзөгүн жана үй тапшырманын берилишиндеги жеткиликтүүлүктү камсыздоо менен иш алып баруудабыз.

2018-2021-окуу жылында 87.edubish.kg дарек боюнча мектептин өздүк сайты иштеп, окуу жылындагы жүргүзүлгөн ишмердүүлүктөр чагылдырылат.

Кат алмашуу системасын жүргүзүү жана билим берүүчү уюмдар менен ишмердүүлүктү электрондук форматта уюштурууда school-87@bk.ru электрондук почтасы иштейт.

Социалдык түйүндөргө мектептин ийгиликтерин жана окуучулардын чыгармачылыктарын жайылтуу максатында **facebook** түйүнүндө «№87 жалпы билим берүү мектеби» баракчасы, **instagram** приложениесинде «mektep87» баракчалары активдүү иштейт.

Окуу кабинеттеринде дидиактикалык-методикалык материалдар үчүн 2 ден шкаф, айрым кабинеттерде доска, телевизор, DVD менен жабдылган. Ал эми жалпы мектепте 2 интерактивдүү панел, 7 интерактивдүү доска, 5 инетрактивдүү система , 1 адио күчөтүүчү аппарат, 1 видеокамера, 22 компьютер, 7 ноутбук, 1 синтезатор, 3 ксерекөчүрмө аппараты, 2 принтер бар. 2 компьютер классында 10 даанадан персоналдык компьютер интернет түйүнүнө кошулган. Интернетти 10мб/с ылдамдыктагы MaxLink регионалдык продвайдери камсыздайт.

Сканировано с CamScanner

Мектепте окуучулардын санынын көптүгүнө байланыштуу окуу кабинеттеринин дээрлик бардыгына сабактар өтүлүп, бош кабинеттин жоктугуна байланыштуу окуу залы жок. Окуучулар адабий окуу китептери китепкандан алышып, үйлөрүнөн окуп келип тапшырышат.

**2021-2022-окуу жылына карата төмндөгүдөй милдеттер кабыл алынды:**

- Мектептин жаңы тандап алган окуу-тарбиялык темасынын теориялык таанышуу этабын ишке ашыруу ;
- Жаш мугалимдердин өздөрүнүн иштерине жоопкерчиликтүү мамиле кылуусу, насаатчы мугалимдер менен бирдикте иш алып баруусун күчөтүү;
- Педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу максатында мугалимдер арасында өтүлүүчү ар кандай кароо-сынактарга катышуу;
- Ай сайын өтүлүүчү предметтик декадаларда мугалимдердин жоопкерчилик менен мамиле кылуусу;
- Билим сапатын жогорулатууда предметтик мугалимдердин жоопкерчилигин күчөтүү;
- Сабактан тышкаркы убакта предметтик мугалимдер окуучулар менен бирдикте илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, райондук, шаардык деңгээлдеги изилдөө долбоорлоруна катышуу, жыйынтыгын көрүү
- Райондук жана шаардык семинарларга катышып, мектеп ичинде үйрөнгөндөрүн жайылтуу;
- Билим берүүдө инновациялык өнүгүүлөрдү камсыз кылуу менен окуп, үйрөнгөндөрүнүн натыйжалуулугун арттыруу;
- Мугалимдер арасында өз ара окутуунун ишке ашыруу, методикалык иштер аркылуу тажрыйба алмашуу;

**Усулдук иштер боюнча директордун орун басары:** **Сүйналиева М.М.**

Сканировано с CamScanner